УДК: 377(575.2)
DOI 10.33514/1694-7851-2024-4/2-24-32

**Жыргалбекова Г.К.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
gulnarajyrgalbekova60@gmail.com
**Көчкүнова К.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

## ТУРИЗМ ТАРМАГЫНДА ИШКЕРДИК БАГЫТТАГЫ КЕСИПТЕРГЕ ДАЯРДОО

**Аннотация:** Төмөндөгү макалада Кыргыз Республикасынын кесиптик баштапкы билим берүү тармагында рынок экономикасынын шартына ылайыкташтырылып даярдалып жаткан туризм багытындагы ишкердик кесипке окутуунун айрым маселелери талдоого алынган. XX кылымдын 90-жылдарында союздун тарап кетиши менен, негизинен өндүрүштүк мамилелерге негизделген завод-фабрикалардын иштебей токтоп калышы, билим берүүнүн бул тармагында адистерди даярдоонун багыттарын өзгөртүүгө дуушар кылган шарттар келип чыккан. Анткени, өлкөнүн базар экономикасына өтүү менен рыноктук кызмат көрсөтүүлөргө багытталган жаңыланган, тейлөө чөйрөсүнө тиешелүү болгон адистиктерди даярдоо маселеси пайда болгон.

Мамлекеттин экономикасы кризистик кырдаалды башынан өткөрүп жаткан мезгилде, билим берүү тармагынын бардык баскычтарында рынок экономикасында кайтарым байланышка ээ болгон адистерди даярдоонун актуалдуулугу келип чыккандыгы аныкталат. Ал кайтарым байланышка ээ болгон адистердин багыты туризм тармагында башкача айтканда тейлөө тармагындагы адистер экендиги тастыкталуу менен чагылдырылган.

**Негизги сөздөр:** Мамлекет, базар экономикасы, туризм, кесиптик баштапкы билим берүү, туризм, тейлөө чөйрөсү.

**Жыргалбекова Г.К.**
кандидат исторических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
gulnarajyrgalbekova60@gmail.com
**Көчкүнова К.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ПОДГОТОВКА К ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ В СФЕРЕ ТУРИЗМА

**Аннотация:** В данной статье анализируются вопросы подготовки к профессиям предпринимательской деятельности в туризме, которые готовятся в сфере начального

профессионального образования Кыргызской Республики в соответствии с условиями рыночной экономики. В 90-е годы XX века с распадом союза, закрытием фабрик и завод, основанных на производственных отношениях, возникли условия, вызвавшие изменение направлений подготовки специалистов в этой области образования. Ведь с переходом страны к рыночной экономике возникла проблема подготовки новых специальностей, связанных со сферой услуг, ориентированных на рыночные услуги.
В то время, когда экономика государства переживает кризисную ситуацию, определено, что возникла актуальность подготовки специалистов, имеющих обратную связь в условиях рыночной экономики, на всех уровнях сферы образования. Это отражается в подтверждении того, что направление специалистов, имеющих обратную связь, находится в сфере туризма, то есть специалистов в сфере сервиса.

**Ключевые слова:** Государство, рыночная экономика, туризм, начальное профессиональное образование, сфера сервиса.

**Zhyrgalbekova G.K.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
gulnarajyrgalbekova60@gmail.com
**Kochkunova K.**
master's student
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.

## PREPARATION FOR ENTREPRENEURSHIP ACTIVITIES IN THE FIELD OF TOURISM

**Abstract:** This article analyzes the issues of preparation for entrepreneurial professions in tourism, which are prepared in the field of primary vocational education of the Kyrgyz Republic in accordance with the conditions of a market economy. In the 90s of the 20th century, with the collapse of the union, the closure of factories and factories based on industrial relations, conditions arose that caused a change in the direction of training specialists in this field of education. Indeed, with the country's transition to a market economy, the problem of training new specialties related to the service sector, oriented towards market services, arose.

At a time when the state's economy is experiencing a crisis situation, it has been determined that the relevance of training specialists who have feedback in a market economy has arisen at all levels of the education sector. This is reflected in the confirmation that the direction of specialists with feedback is in the field of tourism, that is, specialists in the service sector.

**Key words:** State, market economy, tourism, primary vocational education, service sector.

Кыргыз Республикасында XX кылымдын 90-жылдарындагы демократиялык процесстер, билим берүү тармагына анын ичинде кесиптик-техникалык билим берүүгө да орчундуу өзгөрүүлөрдү алып келген.

XX кылымдын аягындагы Кыргыз Республикасынын кесиптик-техникалык билим берүү тармагынын абалына талдоо жүргүзүүдө, эмгек рыногунун талабына ылайык, кесиптердин кайтарымдуулугун сактап калуу менен жаңы кесиптердин тармагын даярдоого

өтүүдөгү жаңылануу этабынын башталышы байкалат. Натыйжада рынок экономикасынын шартында өзүн-өзү камсыз кылууга мүмкүн болгон ишкердик багытындагы кесиптерге окутуу кеңейет.

Азыркы мезгилде кесиптик баштапкы билим берүү тармагынын 59 окуу жайында кичи ишканалардын, коммерциялык структуралардын, фермердик чарбалардын уюштуруучу адистери менен катар, мейманкана тейлөөсү, туризм жана автоунааларды тейлөө багытындагы кесиптик билим берүү ишке ашырылып жатат.

Бириккен Улуттар Уюмунун алдындагы Дүйнөлүк туристтик уюмдун маалыматы боюнча туризм дүйнөлүк экономиканын жогорку киреше бере турган, динамикалуу тармагы болуп, дүйнөлүк дүң кирешенин 6 пайызы туризм тармагынан түшөт [2]. Ал эми Кыргызстанда туризм тармагы ички дүң продукциянын 4,3 пайызын берет [3, – 30-33 бб]. Өлкөнүн экономикасында рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн үлүшү жыл сайын ички дүң продукциянын (ИДП) 20 пайызга жакынын түзөт. 2002-жылы рыноктук кызмат көрсөтүүлөрдүн ИДПнын 25 пайызга чейин деңгээлине жетишүү керектиги каралып, калкка кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү туризм тармагынын приоритеттүү багыты билгиленди [4, – 14 б].

Республикада туризмди өнүктүрүүдөгү ийгиликтерге жетишүү жана азыркы мезгилдеги туризм өнөр жайын калыптандыруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен “2001-жыл-Туризмди колдоо жана өнүктүрүү жылы” деп жарыяланып, Кыргызстанда туризмди өнүктүрүү иш чаралары белгиленип, жагымдуу шарттар түптөлгөн. Кыргызстандын кесиптик баштапкы билим берүү тармагындагы окуу жайлары дагы, туризм боюнча адистерди даярдоо маселелерин кайрадан карап чыгышты. 24 кесиптик-техникалык окуу жайында улуттук буюмдарды жасоочу устаттар, 5 КТЛде тоо туризми боюнча маршруттардын жол көрсөтүүчүлөрүн окутуп чыгышат. Жыл сайын туризмди тейлөө адистерине даярдоонун өнүгүшүн төмөнкү диаграммадан көрүүгө болот.

Туризм тармагы үчүн кесип ээлерин даярдоо максатында, Кыргыз Республикасынын туризм, спорт жана жаштар саясаты боюнча Мамлекеттик комитети менен Эмгек жана социалдык коргоо министрлигинин ортосунда өз ара макулдашууга кол коюулуп, анын чегинде,“Кесиптик баштапкы билим берүүдө туристтик мейманкана-ресторан сервиси боюнча адистерди даярдоонун келечеги” деген темада 2001-жылы 20-сентябрда республикалык семинар өткөрүлгөн [5, – 3-7 б].

Семинарда келечекте Бишкек шаарындагы бир кесиптик-техникалык окуу жайынын базасында туристтик окуу комплексин түзүү жөнүндө жана анын филиалдарын Жалал-Абад, Ош, Ысык-Көл облустарында ачуу тууралуу маселелер каралган. Тилекке каршы, окуу жайлардагы туризм, тейлөө кесиптердин ичинен өзгөчө мейманкана сервисинин менеджерлерин даярдоого көңүл бурулуу менен, аны өнүктүрүүнү эл аралык деңгээлге жеткирүү аркылуу туризмдин инфраструктурасынын калыптанышына шарт түзүү негизги багыттардан экендиги белгиленди.

Азыркы шарттагы туризм тармагындагы мамлекеттик программанын басымдуу бөлүгү туризмдин аз чыгым жумшаган, ошол эле мезгилде, туризм рыногунда дүйнөлүк коомчулуктун талабына ээ болгон түрлөрү: тоо туризми, сплеотуризм, тоо лыжа туризмин өнүктүрүү белгиленген. Туризм багытындагы кесип ээлерин даярдоо системасындагы илимий изилдөөлөрдө анын эмгек рыногунда орто звенодогу адистерге талаптын көбүрөөк болуп жаткандыгы аныкталды. Туризм индустриясынын өнүгүшүнө, эң мыкты маркетингдик билимге ээ болгон, өсүп келе жаткан туристтик стратегияны ишке ашырууга жөндөмдүү

адистерге муктаждык барган сайын өсүп жатат. Ошондуктан, кесиптик-техникалык окуу жайлары үчүн кесипке даярдоонун жаңы багыты болгон туризм тармагындагы окутуучулардын практикалык тажрыйбасын калыптандыруу да орчундуу. Алып айтсак, альпинизм, сплеотуризм (тоодогу үңкүрлөрдү изилдөө багытындагы илимий-теориялык жактан жөндөмү бар адис) кесиптери туризм тармагындагы спорттук, изилдөөчүлүк, тейлөөчүлүк жөндөмдөрдү талап кылуу менен даярдалган адистиктин жаңы түрү болуп саналат. Ошондуктан, туризмдеги тейлөөнүн дүйнөлүк стандартка жооп берген жөндөмдөрүн өздөштүрүү менен бирге, туризмдин жаңы тармактары изденүү мүмкүнчүлүгүнө байланыштуу багыттарды иштеп чыгуу керек.

Кыргыз Республикасында 2010-жылга чейин туризмди өнүктүрүү программасы боюнча окутуучулардын квалификациясын жогорулатуучу курстардын үзгүлтүксүз иштеши, туризмдин өнүгүшүнө таасир берүүчү бирден-бир шарттардан болуу керек.

Туризм тармагына кесип ээлерин даярдоону үзгүлтүксүз процесс катары кароо менен, Ага-Хан фондунун эксперттери тарабынан изилдөөлөр жүргүзүлүп, кесиптик баштапкы билим берүү тармагында туризм адистерин даярдоонун бир катар баскычта уюштурулушун сунуш кылышты [6, – 5б].

Диплом 1. Айрым кесип ээлерин даярдоонун биринчи баскыч (швейцар, жол көрсөткүч, тамактандырууну тейлөө кызматы).

Диплом 2. Туризм багытындагы ар түркүн кесиптерге даярдоонун көзөмөлгө алуу деңгээли (бул адисти супервайзер деп аташат).

Диплом 3. Туризм багытындагы ар түркүн кесиптерге даярдоодогу кесиптик-техникалык билимге ээ болгон башкаруучу деңгээл (мисалы, мейманкана бөлүмүндөгү менеджер).

Диплом 4. Туризм багытындагы ар түркүн кесиптерге даярдоонун жогорку башкаруучу деңгээли (мисалы, мейманкана менеджери).

Биринчи деңгээлдеги дипломго кесип ээлеринин тез алмашуучу эмгек рыногуна ыңгайланышкан кыскартылган программалар керек болсо, окутуунун башка 3 деңгээлинде тармакта иштеп жаткандарды тартуу максатында, кадыресе ийкемдүү программалардын зарылдыгын ырастады. Ошондой эле текшерүү жүргүзгөн эксперттер, кесиптик-техникалык билим берүү тармагындагы курстардын теориялык мүнөзүн азайтып, окутуунун практикалык, билгичтик жөндөмдөрүн өстүрүү керектигин баса белгилешти.

Белгилеп кете турган маселе, туризм багытындагы кесип ээлерин даярдоо бир калыпта эмес өнүгүүдө. Туризм, спорт жана жаштар саясаты боюнча Мамлекеттик комитет туризм индустриясы боюнча адистерди даярдоодо координациялык кызмат аткаруу менен, окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, жергиликтүү жеке өндүрүштүк ишти жүргүзүүчү адистерди даярдоону эл аралык деңгээлге жеткирүүдө алдыңкы технологияларды жана инновацияларды киргизүү, окуу-материалдык базаны чыңдоо иштерин өзүнүн күн тартибинен албай турган маселелер катары кароосун тажрыйбалар көрсөтүп жатат.

Туризм багытындагы окутуучу адистерди даярдоо алгачкылардан болуп Менеджмент, бизнес жана туризм институтунда иш жүргүзүлгөн. Институт 1992-жылы Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин токтому менен республикалык ишкерлерди даярдоо борбору болуп түзүлгөн. Институт 1993-жылдан тартып, абитуриенттердин биринчи тобун кабыл ала баштаган. 1997-жылы Борбордун структуралык кайра түзүлүшүнүн негизинде, жогорку билим берүү программасы менен Менеджмент, бизнес жана туризм институту, Борбордун структуралык бөлүгү болуп калды. Кийинчерээк 2003-жылдын 11-

мартындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен “Эмгек жана социалдык коргоо министрлигинин алдындагы Социалдык өнүктүрүү жана ишкердик институту болуп түзүлдү.

Институтка 1994-жылы Билим берүү илим жана маданият министрлигинин лицензиясы берилип, кесиптик билим берүү багытындагы “мейманкана-туристтик бизнестин менеджменти”, “чакан жана орто бизнестин менеджменти”, экскурсия ишмердүүлүгүнө, финансы кредит адиси боюнча “финансы менеджменти”, бухучет жана аудит адистиктерине даярдалууда. Кийинчерээк, 1997-жылы министрликтин коллегиясынын 29.05.№5/1-2 чечими менен аттестациядан өткөн жогорку окуу жай катарында мамлекеттик үлгүдөгү жогорку окуу жай катарында таанылды. Институтта 1999-2000-окуу жылында сырттан окуу бөлүмүндө 492, күндүзгү бөлүмүндө 308, бардыгы 800 студент билим алууда. Кадрларды даярдоонун мейманкана-туристтик бизнестин менджменттигинде 40 студент, экскурсия ишмердүүлүгүндө 66 студент окуп жатышат. Институтта иштеген 65 окутуучунун 30у штаттык, 14 окутуучу илимдин кандидаттары, 2 илимдин доктору, профессор, 11 окутуучу доценттик даражага ээ [7, – 3-15 бб].

Даярдалып чыккан тейлөөдөгү кичи адистердин алган билимин практика менен айкалыштырууда, туризм багытындагы тейлөө кызматтарынын ийкемдүүлүгүн жогорулатууда, кесиптик баштапкы билим берүү тармагындагы КТОЖ, КТЛдерде окуу пландары иштелип чыгып, квалификациялык мүнөздөмөлөрү такталды. Мисалы, 4-квалификациядагы бармен адистигине ар кандай жогорку сапаттагы спирттик эмес суусундуктарды (коктейлдерди, пунштарды) даярдай билүү жөндөмдүктөрү менен катар, вино ичимдиктерин атайын көрсөтүлгөн технология менен жасоо ыкмаларына ээ болуучу квалификациялык мүнөздөмө такталды. Ошону менен бирге даяр продукцияны атайын идишке куюп туура кайнатканды, ар кандай кошумча жемиштерди кошуп сунуу маданияты, даяр продукцияларды сактай билүү эрежелери да көрсөтүлгөн.

Санаториялык-курорттук комплекстин, өзгөчө Ысык-Көл региону үчүн сууга чөгүп кетүүдөн сактоочулар, гидпроводниктер, спорттук тоо туризми боюнча адистер керектүүлүгү байкалат. Ошондой эле туризм адистерин даярдоодо үзгүлтүксүз билим берүүнүн ролу чоң. Анткени, КТОЖдорду, КТЛдерди бүтүргөн адистердин кээ бир бөлүгү билимин жогорулатуу максатында тектеш жогорку окуу жайларына тапшырып, билимин жогорулатышат. Демек, мурунку практикалык билимин теориялык жактан жогорулатып, кесип ээлеринин ийкемдүүлүгү артат. Үзгүлтүксүз билим берүү системасы аркылуу бүтүрүүчүлөрдү бөлүштүрүү белгилүү деңгээлде системага айланып жатат. Кээ бир бүтүрүүчүлөр өзүнүн баштапкы билим этабында калса, айрымдары жогорку баскычка туризм мекемелерин башкаруунун уюштурууга багытталган курстардан өтөт. Бул жерде белгилеп кетүүчү маселе, эгерде жогорку окуу жайлар Билим берүү министрлиги менен биригип, бул багыттагы механизмди иштеп чыкса, республиканын экономикасында өз ишин мыкты билген, практикалык ийкемдүүлүк жөндөмдөрүнө теориялык деңгээли айкалышкан адиске гана иштөөгө шарт түзүлмөк.

Рынок экономикасынын талабы боюнча туризм тармагында жергиликтүү шарттарга ылайык, кесиптердеги ишкердик демилгелерин өнүктүрүүгө болот. Анткени, туризм индустриясында колдоого аларлык ишкердиктин көптөгөн түрлөрү бар экендиги жогоруда айтылды. Мисалы, кыргыз элинин элдик кол өнөрчүлүгүнөн жаралган буюмдары чакан же орто класстагы мейманканада сувенирлерди туристтерге тартуулоо же чакан магазинде сатуу. Кыска аралыктарга туристтерди транспорт каражаты менен тейлөө, мекен таануу багытында

кооз, кызыктуу жерлерди көрсөтүү, фольклордук улуттук мүнөздөгү көңүл көтөрүүчү ыр-бийлерди уюштуруу, улуттук боз үйлөрдүн тобунан турган комплекстерди жаратылыш кооздуктары менен айкалыштырып тигип, меймандарды тосуп алуу багытында кыргыз элинин маданий-экономикалык деңгээлин, табитин көрсөтүүдө ишкердик демилгенин айкалышы тейлөөнү натыйжалуу кылат.

Ошондуктан, жергиликтүү элдин ишкердиги менен таанышууга, колдон жасалган кооздук жана туристтик бизнести уюштуруп, чакан ишкананы иштетүүдө тармактын өзгөчөлүгүнө жараша билим, билгичтик жөндөмдөрү талап кылынат.

Кесиптик баштапкы билим берүү тармагынын окуу жайларында туризм багыты боюнча адистер даярдалып чыккан, Кыргызстандагы бүтүрүүчүлөрдүн саны тууралуу төмөнкү таблица сунуштоого болот [8, – 3-15-17 бб].

| **Кесиптер** | **1996** | **1997** | **1998** | **1999** | **2000** |
|---|---|---|---|---|---|
| Ашпозчу, кондитер | 1280 | 1193 | 1168 | 1031 | 1116 |
| Официант, бармен | 138 | 146 | 127 | 100 | 370 |
| Гид – жол көрсөтүү | 19 | 39 | | 26 | 16 |
| Мейманкана кызматкери | 62 | 25 | 30 | 36 | 28 |
| Рес.мейман.сервисинин кызматкери | | | | | 37 |
| Горничная | | 19 | 24 | 34 | 6 |
| Улут буюм жасоочу уста | 489 | 479 | 490 | 523 | 615 |
| Чач тарач | 441 | 451 | 353 | 479 | 615 |
| Бычмачы | 1444 | 1497 | 1418 | 1584 | 1377 |
| Фотограф | | | 15 | 38 | |
| Үй буюмдарын оңдоочу устат | 756 | 717 | 497 | 420 | 426 |
| Компьютер мастери | 86 | 224 | 964 | 1149 | 1241 |
| Жыйынтыгы | 4715 | 4790 | 5086 | 5420 | 5601 |

Таблицада көрсөтүлгөндөй, динамикалык өнүгүүгө: улуттук буюмдарды жасоочу уста, официант, бармен, чач тарач, компьютер мастерлери боюнча багыттагы кесиптер ээ болду.Ошондой эле көрсөтүлгөн кесиптерге даярдоо 1996-2000-окуу  жылына чейин 4715 окуучудан 5601 ге чейин өскөн, же болбосо, 86 окуучуга көбөйгөн.

Кесип ээлерин даярдоо ар бир окуу жылында кабыл алуу комиссиясынын прогноздоо иштеринин натыйжалуулугуна көз каранды болот. Мисалы, кесиптик-техникалык билим берүү боюнча башкармалыгынын күндөлүк архивинен №113 окуу жайдын директору К.Кимсановдун кесиптик-техникалык билим берүү боюнча башкармалыгына кайрылган төмөндөгүдөй мазмундагы  материалдарды табууга болот. “Биздин Оштогу №113 кесиптик лицей 2001-2003-окуу жылдарында “гид-экскурсовод”деген кесип боюнча адистерди даярдадык. Бирок түштүк регионунда туристтик базалардын жаңыдан гана өнүгүп келе жаткандыгына байланыштуу, биздин бүтүрүүчүлөр жумушка орношо албай жатышат. Ошол себептен, “гид экскурсовод” деген кесип боюнча адистигинин ордуна өзүбүздүн мурдатан

даярдап келген “официант-бармен”адистигин 2003-2004-окуу жылынан баштап даярдоого уруксат берүүңүздү өтүнөм. Бул адистик боюнча бизде окуу-өндүрүштүк базасы жана окуу куралдары талапка жооп берет [9, – 10-22 б].

Жогоруда көрсөтүлгөндөй жыл сайын туризм багыты боюнча бүтүрүүчүлөрдүн санынын жогорулашы бул туризм тармагынын өлкөнүн экономикасына чоң салым кошуп жаткандыгына байланыштуу. Мисалга алсак, анын дүң кошумча наркы 2022-жылы 35,4 млрд сомду түздү. Бул ИДПнын 3,9% түзөт жана ушул жылы Кыргызстанга 7 миллион 912 миң турист келген.Чет өлкөлүк жарандарды кабыл алуудан түшкөн киреше өткөн жылга салыштырмалуу 4,9 эсеге көбөйүп, 696,4 млн долларды түзгөн. 2022-жылы эс алуучулардын саны 2 миллионго жакын адамды түздү, бул 2021-жылга салыштырмалуу 1,5 эсеге көп, анын 1 миллиондон ашыгы уюшкан туризм секторунда (1,7 эсе көп) [1, 273 б].

Кесиптик баштапкы билим берүүдөгү туризм багытындагы кесип ээлерине даярдоодо аткарылып жаткан иштерге карабастан, анын системалуулугун камсыз кылуу үчүн төмөндөгү иш чаралар керек:

Биринчи деңгээлден, башкаруучуга чейинки бир катар илимий деңгээлди камтыган кесиптик-техникалык окуу программаларын түзүү;

Туризм багытындагы ишкердикке окутуу боюнча демилгелерди колдоо;

Чакан туристтик ишкананы түзүүдөгү менеджменттик талаптар тууралуу маалыматтарды түзүүчү атайын кыска мөөнөттөгү тренингдерди өткөрүп туруучу курстарды түзүү;

Туризм багытындагы билим берүүдөгү демилгелер жана анын коомчулук менен болгон байланышын чыңдоодо Өкмөт бийликтеринин түздөн-түз кийлигишүүсү, ийгиликке жетүүдө массалык маалымат каражаттарынын кызматы да белгилүү орунду ээлейт.

Окуучулардын билимдеринин сапаттуу болушуна шарт түзүүчү факторлор боюнча окуу жайлардын жетекчилеринин билдирүүлөрүндө, кесиптик-техникалык окуу жайлардын жана лицейлердин компьютердик техникалар практикалык машыгуу жабдуулары менен жабдылышы боюнча тартыштыктарды белгилешет. Ошондой эле окуу планына киргизилген жаңы сабактар боюнча окуу куралдарынын тартыштыгы, кирүү сынактарындагы тестирлөө менен кабыл алынуучулардын билим деңгээлин текшерүүдө, канааттандырбай жаткандыгы, окутуучулардын илимий-теориялык деңгээлин жогорулатуу, айлык акылардын төмөндүгү маселелери дайыма күн тартибинде.

Ал эми окуучулар менен жүргүзүлгөн анкета аркылуу сурамжылоодо: практикалык атайын билимдер жана жөндөмдөр, чет тилдерин билүү, ийкемдүүлүк жана адамдар менен мамиле кыла билүү, окуу жай жөнүндө коомдук пикирлер жана анын сертификаты, компьютердик жөндөмдөр, эмгек рыногундагы талаптарга жооп берген адистердин тармагын кеңейтүүчү билимдердин керектиги айтылган.

Ошондой эле окуучулардан дагы “мыкты ийгиликтерге жетишүүдө кандай иш чаралар керек?”- деген суроого төмөнкүдөй жооптор алынды:

Атайын кесиптик билимдер;

англис, башка чет тилдерин билүү;

компьютердик жөндөмдөр;

жогорку кесиптик билимге жетишүү;

жумуш мезгилиндеги практикалык окутуулар;

география, тарых сабактары боюнча терең билимдер;

Квалификациясын өркүндөтүүгө таасир тийгизген факторлор-окуу китептери;

Окутуучулар, материалдык база;

Туризм жөнүндө билимдер;

Поварлар үчүн кулинардык жөндөмдөр;

Тейлөө жөндөмү жана маданияты [10, – 10-24 бб].

Жалпысынан алганда кесиптик баштапкы билим берүү тармагындагы 114 окуу жайында, каржылоо мамлекеттин же жергилктүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлүп, өзүн-өзү каржылоодо кеткен чыгымдар акталбай калган абалдар кездешет. Бирок бүтүрүп чыккандардын 50-70 пайызы жумушка жайгашып, 10 пайызы билимин жогорку окуу жайларда улантышат [10, 22 б]. Тилекке каршы, бул багыттагы жогорку окуу жайларда билим берүү келишимдик багытта болгондуктан, бүтүрүүчүлөрдүн үзгүлтүксүз билим алуусуна жолтоолор келип чыгат.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү доктринасында кабыл алынган жоболор боюнча, республиканын калкы үчүн анын жашоо агымында үзгүлтүксүз билим берүүнүн мааниси белгиленет. Ошондуктан, коомдун кайсы чөйрөсү болбосун, кандай кесиптин ээси экендигине карабастан, ишкердик психологиясына ээ болуу менен, анын жөндөмдөрүн талапка ылайык, чыгармачылык мамиле аркылуу жаңырта билген кесип ээси гана рынок экономикасынын адиси болот деп айтат элек.

Кесиптик баштапкы билим берүүдө жогорку квалификациялуу инженер-педагогикалык кадрларды, окутуучуларды даярдоодо, Токмоктогу индустриялык-педагогикалык техникум училищалардын жана лицейлердин бүтүрүүчүлөрүн кабыл алуу менен, билимдерин андан ары өркүндөтүүгө ылайыкталган. Ошондой бул багытта билимин жогорулатуучу окуу жайларга Кыргыз-техникалык университетин да кошууга болот. Жогоруда айтылгандай бул окуу жайларда билимин жогорулатуу келишимдик негизде экендигине карабастан, бүтүрүүчүлөр азыркы мезгилдин талабын эске алуу менен даярдалып жатат.

“Экономиканын өсүшү үчүн жакырдыкты азайтууга кыйла көмөкчү болгон секторлорду өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Алардын ичинде өтө маанилүүсү агрардык сектор болуп саналат. Келечектеги зор өнүгүү туризм менен телекоммуникацияга да байланыштуу.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**

1. Жантемирова К. Аймактарды өнүктүрүүдө туризмдин ролу жана социалдык экономикалык таасири (Ат-Башы району мисалында) [Текст] / Жантемирова К. // // Вестник КГУ им. И Арабаева. – 2024, №4/1. – С. 273-279
2. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү доктринасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-ж. 27-августундагы Указы // Эркин Тоо. – 2000. – 30- авг.№70.
3. Кыргыз Республикасынын туризм, спорт жана жаштар саясаты боюнча Мамлекеттик комитетинин күндөлүк архиви. – Дело №02. – 30-33 бб.
4. Кесиптик-техникалык билим берүү боюнча башкармалыгынын күндөлүк архиви.. – Дело №8. – 14 б.
5. Кыргыз Республикасынын туризм, спорт жана жаштар саясаты боюнча Мамлекеттик Комитетинин күндөлүк архиви. – Дело №02. – 3-7 бб.
6. Кыргыз Республикасынын туризм, спорт жана жаштар саясаты боюнча мамлекеттик комитети туризм инфраструктурасын өнүктүрүү жана кадрларды даярдоо бөлүмүнүн күндөлүк архиви. – Дело №3-15. – 5б.

7. Кыргыз Республикасынын туризм, спорт жана жаштар саясаты боюнча Мамлекеттик Комитети. Туризм инфраструктурасын өнүктүрүү жана кадрларды даярдоо бөлүмүнүн күндөлүк архиви. – Дело №02. – 3-15 бб.
8. Кыргыз Республикасынын туризм, спорт жана жаштар саясаты боюнча Мамлекеттик комитети. Туризм инфраструктурасын өнүктүрүү жана кадрларды даярдоо бөлүмүнүн күндөлүк архиви. – Дело №02 . – 3-15-17 бб.
9. Кыргыз Республикасынын Туризм спорт жана жаштар саясаты Мамлекеттик комитетинин күндөлүк архиви. – Дело №3. – 10-22 бб.
10. Кыргыз Республикасынын туризм спорт жана жаштар саясаты мамлекеттик комитетинин күндөлүк архиви. – Дело №3. – 10-24 бб.
11. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик билим берүү доктринасы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-ж. 27-августундагы Указы // Эркин Тоо. – 2000. – 30- авг.№70.

**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Самиева Ж.Д.**